КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ
ЮРИДИКАЛЫК ЖАК МАМЛЕКЕТТИК КАТТООДОН
20___ж. "___"__________ӨТКӨРҮЛДҮ
№__________КҮБӨЛҮК
МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ
ПРОИЗВЕДЕНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕГИСТРАЦИЯ ЮРИДИЧЕСКОГО ЛИЦА
"5" 02 2025 г.
СВИДЕТЕЛЬСТВО № N-837-Н

Ж.Баласагын атындагы КУУнун
2024-жылдын 24-декабрындагы
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
кабыл алынды.
Протокол № 3
2024 ж. 24-декабрь

# «Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы фонду» коомдук фондусунун

# УСТАВЫ

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы коомдук фонду - (мындан ары - Фонд) мамлекеттик эмес каражаттардын эсебинен түзүлгөн, коммерциялык эмес мүнөздөгү социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүү жана башка коомдук пайдалуу максаттарды көздөгөн юридикалык жак болуп саналат.
1.2. Фонддун укуктук абалы Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси, "Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, Кыргыз Республикасы тааныган жана ратификациялаган эл аралык актылар жана келишимдер, ошондой эле ушул Устав менен жөнгө салынат.
1.3. Фонддун уюштуруучусу Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.
1.4. Фонд өз ишин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары, жеке жана юридикалык жактары жана чет мамлекеттер менен тыгыз байланышта жүзөгө ашырат.
1.5. Фонддун иши ыктыярдуулук, өз алдынча башкаруу, мыйзамдуулук, ачыктык жана айкындуулук принциптерине негизделет.
1.6. Фонддун толук аталышы:
- мамлекеттик тилде: Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университетинин алдындагы коомдук фонду;
- расмий тилде: Общественный фонд при Кыргызском национальном университете имени Жусупа Баласагына.
Фонддун кыскартылган аталышы:
- мамлекеттик тилде: “Ж.Баласагын атындагы КУУнун” фонду”;
- расмий тилде: “фонд КНУ им.Ж.Баласагына”.
1.7. Фонддун юридикалык дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547.
1.8. Фонд иш мөөнөтү чектөөсүз түзүлгөн, Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан баштап юридикалык жак болуп эсептелет.
1.9. Фонд өз атынан мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктарга ээ болуп, ишке ашыра алат, жоопкерчилик тарта алат, сотто доогер жана жоопкер боло алат.
1.10. Фонддун өз алдынча балансы, өзүнүн аталышы менен мөөрү, штамптары, бланктары жана эмблемасы болот, ал Кыргыз Республикасында, ошондой эле чет өлкөдө банктык эсептерди, анын ичинде чет элдик валютада, белгиленген тартипте ачууга укуктуу.

## 2. Фонддун максаты, ишинин предмети жана укуктары

2.1. Фонддун ишинин предмети болуп анын уставдык максаттарына жетүү саналат.
2.2. Фонддун максаттары:
2.2.1. Финансылоонун кошумча булактарын тартуу: юридикалык жана жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттары, ата-энелердин төгүмдөрү, ссудалар, гранттар, социалдык, кайрымдуулук, маданий, билим берүү же башка коомдук пайдалуу максаттар үчүн демөөрчүлүк, Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетке көмөк көрсөтүү;
- чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу боюнча эл аралык байланыштарды түзүү;
- чет өлкөлүк окуу жайларында окутуунун мониторинги аркылуу жаңыча иштеп чыгууларды, программаларды жана методологияны колдонуу менен студенттердин билим сапатын жогорулатууга салым кошуу;
—жаңы ой жүгүртүү ыкмасын, психологиялык, педагогикалык, билим берүү технологияларын үйрөнүүгө жана маданий баалуулуктарды, салттарды өз ара байытууга мүмкүнчүлүк берүү үчүн Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун окутуучулары (ОКОЖ) менен башка мамлекеттердин окутуучуларынын ортосундагы байланышты күчөтүү.;
- мугалимдердин ишин жакшыртуу үчүн окуу-методикалык адабияттарды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү;
- юридикалык, ошондой эле психологиялык кызматтарды көрсөтүү;

- жаңы технологияларды, окутуу усулдарын жана башка инновацияларды иштеп чыгууга катышкан Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызматкерлерин материалдык жактан кызыктыруу (негизги эмгек акыга кошумча төлөмдөр, сыйлыктар, материалдык жардамдар ж.б.);
-лабораторияларды, университеттик ийримдерди, студенттердин билимин колдоо;
-Ж.Баласагын атындагы КУУда билим берүү жана маданий иш-чараларга финансылык колдоо көрсөтүү;
- сурамжылоо жолу менен аныктала турган университеттин жана студенттердин башка муктаждыктары.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка максаттар жана милдеттер.
2.2.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген уставдык максаттарга жетишүүгө багытталган башка иштерди жүргүзүү.
2.3. Фонд өзүнүн ишинин максаттарына жетүү үчүн мыйзамдарда белгиленген тартипте төмөнкүлөргө укуктуу:
2.3.1. Фонддун уставдык ишин каржылоо үчүн ата мекендик жана чет өлкөлүк инвесторлордон финансылык жана материалдык ресурстарды тартуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү;
2.3.2. Фонддун уставдык максаттарына жооп берген долбоорлорду ишке ашыруу үчүн юридикалык жана жеке жактарга финансылык каражаттарды бөлүүгө;
2.3.3. Эл аралык байланыштарды жүргүзүүгө, чет өлкөлүк уюмдар менен келишимдерди түзүүгө;
2.3.4. Келишимдерди түзүүгө, мүлктү сатып алууга жана ижарага алууга, юридикалык жана жеке жактар менен башка жарандык-укуктук мамилелерди түзүүгө, тышкы экономикалык ишти жүзөгө ашырууга;
2.3.5. Фонддун ишин материалдык жактан камсыз кылуу үчүн зарыл болгон кыймылдуу жана кыймылсыз мүлккө ээ болууга;
2.3.6. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарга ээ.

## 3. Фонддун мүлкү жана каражаттары

3.1 Фонддун мүлкүн түзүүнүн булактары болуп акчалай жана башка формаларда төмөнкүлөр эсептелет:
3.1.2 Кыргыз Республикасынын жеке, юридикалык жактарынын жана донорлордун, ошондой эле чет мамлекеттердин ыктыярдуу которуулары;
3.1.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактар.
3.2. Фонд мүлктү ушул Уставда аныкталган максаттар үчүн колдонот.
3.3. Фонд тарабынан алынган пайда уставдык максатка жетишүү үчүн гана колдонулууга тийиш.
3.4. Уюштуруучунун, кызмат адамдарынын, башка кызматкерлердин жана Фонддун башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн ортосунда пайданы бөлүштүрүүгө жол берилбейт.
3.5. Фонддун башкармасынын төрагасы ушул Уставда аныкталган өлчөмдө Фонддун каражаттарын башкаруучу болуп саналат.
3.6. Фонд өз каражаттарын абройлуу, талаптарга жооп берген Кыргыз Республикасындагы кредиттик мүмкүнчүлүгү бар финансылык мекемеде сактайт.

## 4. Фондду башкаруу

4.1. Фонддун жогорку башкаруу органы анын Уюштуруучусу болуп саналат.
4.2 Уюштуруучу өзүнүн компетенциясынын чегинде Фонддун ишмердүүлүгүнө тиешелүү маселени кароого кабыл алууга, ата мекендик жана чет өлкөлүк уюмдарда Фонддун кызыкчылыгын көрсөтүүгө укуктуу.
Уюштуруучу Фонддун Стратегиялык келишимде каралган шарттарды жана милдеттенмелерди аткаруусун камсыздайт.
4.3. Уюштуруучунун компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
4.3.1. Фонддун Уставын бекитүү;
4.3.2. Фонддун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү;
4.3.3. Фонддун ишинин артыкчылыктуу багыттарын жана келечектүү пландарын аныктоо;
4.3.4. Фонддун ишин текшерүү жөнүндө чечим кабыл алуу;

4.3.5. Фондду кайра уюштуруу,жоюу жөнүндө чечим кабыл алуу.
4.4. Уюштуруучунун чечимдери Фонддун бардык башкаруу органдары жана кызматкерлери үчүн милдеттүү.
4.5. Фонддун ишине көзөмөл жүргүзүүчү орган болуп Фонддун Байкоочу кеңеши (мындан ары текст боюнча – “Байкоочу кеңеш”) саналат.

Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн саны Уюштуруучунун тиешелүү чечиминин негизинде аныкталат.

Байкоочу кеңештин мүчөлөрү Уюштуруучунун чечими боюнча дайындалган учурдан тартып чакыртылып алынган учурга чейин өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырат.

Фонддун Байкоочу кеңешинин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
Фонддун Байкоочу кеңешинин милдети Фонддун ишинин Фондду түзүүнүн максаттарына ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кылуу болуп саналат.

Фонддун Байкоочу кеңеши Уюштуруучу тарабынан дайындалат.

Фонддун Байкоочу кеңеши коомдук башталышта иштейт.

Фонддун Байкоочу кеңешинин курамы үч жылдык мөөнөткө Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы башында турган беш адамдан кем эмес түзүлөт. Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү Фонддун Байкоочу кеңешинин курамынан Уюштуруучунун чечими боюнча кайра чакыртылып алынат.

Фонддун Байкоочу кеңешинин жыйналышы Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы тарабынан же анын үч же андан көп мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча, ошондой эле Фонддун Уюштуруучусунун же Кеңешинин демилгеси боюнча чакырылат.

Фонддун Байкоочу кеңешинин жыйналышы, эгерде ага мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмеси катышса, кворумга ээ болот. Фонддун Байкоочу кеңешинин чечими жыйналышка катышкан мүчөлөрүнүн санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болгон учурда Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат. Фонддун Байкоочу кеңешинин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү өзүнүн добушун башка жакка берүүгө укугу жок.
Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү Фонддун Байкоочу кеңешинин ишине катышууга убактылуу эмгекке жөндөмсүз болгон же Фонддун кызыкчылыктарына ар кандай формада зыян келтирген учурда Уюштуруучунун, Фонддун башка мүчөлөрүнүн арызы боюнча Фонддун Байкоочу кеңеши же өз демилгеси боюнча ал Фонддун Байкоочу кеңеши же Уюштуруучу тарабынан кайра чакыртылып алынышы мүмкүн.
4.6. Фонддун Байкоочу кеңешинин компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
4.6.1. Фонддун ишин көзөмөлдөө;
4.6.2. Кызыкчылыктардын кагылышы күтүлгөн бүтүмдөрдү бекитүү;
4.6.3. Фондду кайра уюштуруу жөнүндө Уюштуруучуга сунуш киргизүү;
4.6.4. Фонддун башкармасынын 700 000 (жети жүз миң) сомдон ашкан суммага же тиешелүү чечим кабыл алынган күнгө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча көрсөтүлгөн суммага эквиваленттүү суммада башка валютада бүтүм түзүү жөнүндө чечимдерин бекитүү;
4.6.5. Фонддун башкармалыгы тарабынан даярдалган Фонддун иши жөнүндө жылдык отчетту бекитүү. Фонддун Башкармасы тарабынан түзүлгөн Фонддун иши жөнүндө жылдык отчетту четке кагуу Фонддун Башкармалыгын таркатуу үчүн негиз болуп саналат;
4.6.6. Фонддун Башкармалыгынын төрагасына жана мүчөлөрүнө сый акынын өлчөмүн аныктоо;
4.6.7. Фонддун бюджетин жана Фонддун төрагасы тарабынан түзүлгөн сметасын бекитүү;
4.6.8. Этика кодексин, коррупцияга каршы саясатты, эл аралык стандарттарга ылайык келген сатып алуулардын эрежелерин жана Фонддун башка ички ченемдик актыларын бекитүү;
4.6.9. Фонддун Башкармасы объективдүү себептер боюнча Фонддун кызыкчылыктарын коргой албаган учурларда Фонддун кызыкчылыктарын билдирүү.
4.7. Фонддун Байкоочу кеңеши Фонддун бардык документтерин текшерүүгө жана аудит жүргүзүүгө, мүлктүн болушуна жана Фонддун ишинин ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келишине контролдук кылууга укуктуу.

Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү Фонддун Башкармалыгынан Фонддун иши жөнүндө ар кандай маалыматты, анын ичинде иш жөнүндө отчетту жана балансты берүүнү талап кылууга укуктуу.

Фонддун Байкоочу кеңеши Фонддун ишин текшерүү үчүн көз карандысыз аудитордук уюмдарды тартууга укуктуу.

4.7.Фонддун аткаруучу органы болуп Фонддун Башкармалыгы саналат.

4.8. Фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрү (үч адамдан ашпаган) Фонддун (Фонддун Байкоочу кеңеши тарабынан үч жылдык мөөнөткө дайындалат. Эгерде Фонддун Башкармалыгынын курамын түзүү жөнүндө Фонддун Байкоочу кеңешинин чечимине Уюштуруучу вето койсо, Фонддун Башкармалыгынын курамы Уюштуруучунун чечими менен бекитилет. Фонддун Башкармасынын төрагасын жана мүчөлөрүн кайра чакыртып алуу Фонддун Байкоочу кеңешинин чечими менен жүзөгө ашырылат.

4.9. Фонддун Башкармасынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

4.9.1. Фонддун ишин анын уставдык максаттарына, Фонддун Уюштуруучусунун жана Байкоочу кеңешинин чечимдерине ылайык жүргүзүү;

4.9.2. Фонддун ишинин уюштуруу маселелерин чечүү жана тиешелүү документтерди бекитүү;

4.9.3.Фонд тарабынан 700 000 (жети жүз миң) сомдон ашкан суммага же тиешелүү чечим кабыл алынган күнгө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча көрсөтүлгөн суммага эквиваленттүү суммада башка валютада бүтүм түзүү жөнүндө Башкармалыктын отурумунда чечим кабыл алуу;

4.9.4. Фонддун түзүмүн жана штаттык санын бекитүү.

4.10. Фонддун Башкармалыгынын жыйналыштары зарылчылыкка жараша өткөрүлөт жана эгерде анын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмеси катышса, алардын бири төрага болуп саналса, ыйгарым укуктуу болуп саналат. Фонддун кеңешинин чечимдери жыйналышка катышкан мүчөлөрүнүн санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Фонддун Башкармасынын ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Добуштар тең болгон учурда Фонддун башкармалыгынын төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат. Фонддун Башкармасынын мүчөсү өз добушун Фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрүнүн бирине, ошондой эле башка адамдарга берүүгө укугу жок.

4.11. Фондду башкаруу процессинде Фонддун Башкармасы Фонддун Байкоочу кеңешинин мыйзамдуу чечимдерин аткарат.

4.12. Фонддун Башкармасы Фонддун уставдык жана финансылык иши жөнүндө жазуу жүзүндөгү отчетту Фонддун Байкоочу кеңешинин кароосуна ар бир жарым жылда берет. Фонддун Башкармасы Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнө, Уюштуруучуга алардын талабы боюнча Фондду башкаруу маселелери боюнча ар кандай маалыматтарды берет жана анын иши жөнүндө отчетторду берет. Фонддун Башкармасы Фонддун материалдык жана финансылык абалына кандайдыр бир коркунуч келип чыккандыгы же мындай коркунучту жаратышы мүмкүн болгон башка жагдайлар жөнүндө Фонддун Байкоочу кеңешине билдирет.

4.13. Фонддун башкармалыгын төрага жетектейт.

4.14. Фонддун Башкармасынын Төрагасы:

4.14.1 Фонддун ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;

4.14.2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактары менен жана ошондой эле чет мамлекеттери менен өз ара мамилелерде Фонддун кызыкчылыктарын коргойт;

4.14.3. Уюштуруучунун, Фонддун Байкоочу кеңешинин чечимдеринин негизинде жана аларды аткаруу үчүн аракеттенет жана аларга отчет берет;

4.14.4. Фонддун ишин уюштурат жана анын натыйжалары үчүн Фонддун Уюштуруучусунун жана Байкоочу кеңешинин алдында жоопкерчилик тартат;

4.14.5. Фонддун кызматкерлеринин ортосунда функционалдык милдеттерди аныктайт жана бөлүштүрөт;

4.14.6. 700 000 (жети жүз миң) сомго чейинки суммадагы же башка валютадагы Фонддун акча каражаттарын жана башка мүлкүн белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын тиешелүү бүтүм же операция жасалган күнкү расмий курсу боюнча көрсөтүлгөн суммага эквиваленттүү өлчөмдө тескейт;

4.14.7. Фонддун Башкармасы бекиткен бюджеттин жана сметалардын чегинде айрым убактылуу долбоорлорду жана жумуштарды ишке ашыруу үчүн тиешелүү тармактын адистери жана башка адамдар менен эмгектик жана жарандык-укуктук келишимдерди түзөт жана бузат;
4.14.8. Фонддун бардык кызматкерлери аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет;
4.14.9. Фонддун атынан ишеним катсыз иштейт, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарында жана чет мамлекеттерде анын кызыкчылыктарын коргойт;
4.14.10 Ушул Устав тарабынан ага берилген ыйгарым укуктардын чегинде Фонддун атынан бүтүмдөрдү түзөт, сотко чыгат, ишеним каттарды берет жана Фонддун ишине тиешелүү башка функцияларды аткарат;
4.14.11. Уюштуруучунун, Фонддун Байкоочу кеңешинин жана Фонддун Башкармасынын атынан белгиленген компетенциянын чегинде башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат;
4.14.12. Фонддун ишине тиешелүү башка маселелерди чечет.
4.15. Фонддун Башкармасынын Төрагасы өзүнүн буйругу менен Фонддун Башкармасынын мүчөлөрүнүн бирине милдеттерди аткаруу боюнча ыйгарым укуктарды берүүгө укуктуу. Фонддун Башкармасынын Төрагасы оорусуна же башка жагдайларга байланыштуу өз милдеттерин аткаруу ыйгарым укуктарын Фонддун Башкармасынын мүчөлөрүнүн бирине өткөрүп бере албаган учурда Фонддун Башкармасынын Төрагасынын милдетин аткаруучу Фонддун Байкоочу кеңеши тарабынан дайындалат.
4.16. Фонддун башкармасынын төрагасы жана мүчөлөрү өздөрүнүн функционалдык милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.
4.17. Фонддун Байкоочу кеңеши жана Фонддун Башкармасы өз милдеттерин аткарышат жана Фонддун бардык иш-аракеттери этика кодексине ылайык келүүсүн камсыздайт, ал төмөнкүлөргө тыюу салат:
4.17.1. Бурмаланган же так эмес финансылык отчетторду даярдоо;
4.17.2. Маалыматтарды манипуляциялоо же бурмалоо;
4.17.3. Адамдын ден соолугуна, коопсуздугуна же айлана-чөйрөгө карата кайдыгерлик;
4.17.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана Фонддун ички жоболорун жана саясатын бузуу;
4.17.5. Этикага туура келбеген жүрүм-турум;
4.17.6. Кызыкчылыктардын кагылышуусу;
4.17.7. Адамдарга же мүлккө зыян келтирүү;
4.17.8. Уурулук, уурдоо, алдамчылык, коррупция жана паракорлук.

Фонддун Байкоочу кеңеши жана Фонддун Башкармасы өз милдеттерин паракорчулуктун ар кандай формасына, деңгээлине,коррупциялык аракеттердин башка түрлөрүнө тыюу салган коррупцияга каршы саясатка ылайык келүүсүн камсыз кылат жана аткарат.

Фонддун Байкоочу кеңешинин, Фонддун Башкармалыгынын мүчөлөрүнө жана Фонддун кызматкерлерине ашыкча чыгымдарын, саясий жана кайрымдуулук салымдарын убада кылууга, сунуш кылууга, түз же кыйыр түрдө төлөөгө же алууга, кандайдыр бир жак менен ишкердик мамилелерди түзүүгө же жүргүзүүгө, кандайдыр бир адамга өзгөчө мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө, кандайдыр бир башка артыкчылыкка ээ болууга, же кандайдыр бир адамдын өз милдеттерин же иш-аракеттерин "туура эмес" аткаргандыгы үчүн стимулдарды же сыйлыктарды берүүгө тыюу салынат.

Фонддун иши коррупцияга каршы ички саясатка жана этика кодексине ылайык, эл аралык стандарттарга жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат. Фонд башкарууга, каржылоого, инвестициялоого, мониторингге, көз карандысыз аудитке жана эл аралык мыкты тажрыйбага ылайык башка стандарттарга карата ачыктык талаптарын сактайт.

Фонддун Байкоочу кеңеши Фонддун кызматкерлеринин жана башкармасынын Фонддун этика кодексинин жана коррупцияга каршы саясаттын сакталышын камсыз кылуу, анын ичинде бардык зарыл жана тиешелүү эсептерди жана ачык отчеттуулукту жыл сайын жүргүзүүнү камсыз кылуу үчүн жооптуу.

### 5. Фонддун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби

5.1. Фонддун Уставына өзгөртүүлөр Фонддун Башкармасынын, Фонддун Байкоочу кеңешинин сунушу боюнча Уюштуруучунун чечими менен киргизилет.

5.2. Фонддун уставына киргизилген өзгөртүүлөр алар Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөн күндөн тартып күчүнө кирет.

### 6. Фондду кайра уюштуруу жана жоюу

6.1. Фондду кайра уюштуруу жөнүндө чечим Фонддун Байкоочу кеңешинин, Фонддун Башкармалыгынын сунушу боюнча, же өзүнүн демилгеси боюнча Уюштуруучу тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

Фонд кайра уюштурулган учурда Фонддун мүлкү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Уюштуруучунун чечими боюнча жаңыдан пайда болгон юридикалык жактарга өтөт.

6.2. Фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоюлушу мүмкүн.

Фонд жоюлган учурда анын кредиторлордун талаптарын канааттандыргандан кийин калган мүлкү Фонддун уставдык максаттарына жумшалат.

6.3. Фонд кайра уюштурулган же жоюлган учурда Фонддун документтери "Кыргыз Республикасынын Улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат.

### 7. Корутунду жоболор

7.1. Фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте бухгалтердик эсепти жана статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт, салык жана статистика органдарына өзүнүн иши жөнүндө маалыматтарды берет.

7.2 Фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салыктарды жана бюджетке башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөйт.

7.3. Ушул Уставда жөнгө салынбаган өлчөмдө Фонддун иши Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**Жусуп Баласагын атындагы**
**Кыргыз Улуттук Университетинин**
**алдындагы Коомдук Фонддун**
**Башкармалыгынын төрайымы** **К.Ж.Базакеева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЮСТИЦИЯ МИНИСТРЛИГИ
ЧҮЙ-БИШКЕК ЮСТИЦИЯ БАШКАРМАЛЫГЫ

Номерленгени, тигилгени, жана мөөр басылганы

баардыгы ____________ барак

20___ж. "___" ____________ өткөрүлдү

МИНИСТЕРСТВО ЮСТИЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ЧУЙ-БИШКЕКСКОЕ УПРАВЛЕНИЕ ЮСТИЦИИ

Всего пронумеровано, прошнуровано и скреплено печатью

на 7 листах

"5" 02 2025 г.

Пронумеровано и прошнуровано на 7 (семи) листах

КЕНСЕ
КАНЦЕЛЯРИЯ